КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

# Долбоор

Тема: Кыргыз тил жана Чынгыз Айтматов



Аткарган: Эсенов Кумар / Калиев Мырза

# Долбордун Максаты:

Кыргыз тилин билуу жана оркундотуу керектигин билдируу

1. Кыргыз тилинин жаралышы
2. Кыргыз тилинин кабыл алуу тарыхы
3. Чынгыз Айтматовдун кыргыз тилине кошкон салымы



Көпчүлүк окумуштуулардын (Б. Б. Радлов, В. Томсен, С. Е. Малов, М.Е. Массон, И.А. Батманов ж. б.) пикиринде Хакасиядагы, Тувадагы, Тоолуу Алтайдагы, Моңголиядагы, Таластагы, Кочкордогу жазуу эстеликтеринде сакталып калган жазуулар 10-11-кк. чейин кыргыздар колдонуп келген тил болуп эсептелет. Бирок аталган тил андан мурунку доорлордо кезигерин унутпашыбыз керек.



кыргыз тилинде колдонулган жазуулар Орхондогу жазуу эстеликтеринен эрте пайда болуп, кийин архаикалык мааниде айрым фонетикалык, грамматикалык, структуралык өзгөрүүлөргө ээ болушу мүмкүн. Орхон түрктөрү өз жазуу системасын түзүүдө байыркы кыргыздардын жазуу маданиятындагы тажрыйбаны пайдаланышкан (Шилтеме керек). Бул жазуу системасы ошол учурдагы кыргыздар пайдаланган тил катары мамлекеттик иш-кагаздарынын, дипломатиялык алакалардын талабына толук жооп берген дешке болот.



Эне-Сайдагы кыргыздардын тили 1703-ж. чейин өз алдынча өнүгө берген. Бул кыргыздар Жунгарияга сүрүлгөндөн соң, энесайлык кыргыздар өз алдынча этностук өнүгүү негизинен ажырап калышкан. Ошол кыргыздардын тили бүгүнкү хакастардын, тувалардын, шорлордун, карагастардын, түштүк алтайлыктардын тилдеринин калыптанышына башкы ролду ойноду, энесайдагы кыргыз тили кийинки жашоосун улантты.



**Мамлекеттик тил** – мамлекетте иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө милдеттүү колдонулуучу тил. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1989-жылы 23-сентябрда “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзам кабыл алып, анда кыргыз тилине мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.




Кыргыз тили Мамлекеттик тил статусун алуу менен, Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилдеринин өнүгүшүнө кам көрүү конституцияда, тил мыйзамында баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан мектептерде орус, өзбек, казак, дуңган жана башка тилдерде окутуу жүргүзүлүүдө.



Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеӊешинин палаталары кабыл алган мыйзамдар мамлекеттик тилде жана расмий тилдерде жарыяланат. Иш кагаздары, сот иштери мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Эгерде айыпкер сот иши жүрүп жаткан тилди билбесе, анда ага эне тилде сүйлөө же тилмечтен пайдалануу укугу берилет. Кыргыз тилине Мамлекеттик тил статусунун берилиши – адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам, ошону менен бирге коомдун руханий жаӊылануусуга, жаӊыча ой жүгүртүүгө багыт алуусу. Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы.

Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт.Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил – кыргыз тили бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданият, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекетте, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, жыйындарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат. Мамлекеттик тил – бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы

# Чыңгыз Төрөкулович Айтматов(1928-2008)



- кыргыз жана орус тилдеринде жазган советтик жана пост-советтик жазуучусу, Кыргыз ССРнин эл жазуучусу (1974), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978), Кыргыз

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ

- **ТУУЛГАН ЖЕРИ:** ШЕКЕР АЙЫЛЫ, ТАЛАС ОБЛУСУ КЫРГЫЗ АССР, РСФСР, СССР, КЫРГЫЗСТАН
- **ЖАРАНДЫГЫ:**
- **ИШМЕРДУУЛУГУ:** ПРОЗАИК
- **БАГЫТЫ:** СОЦИАЛИСТТИК РЕАЛИЗМ
- **ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТИЛДЕРИ:** КЫРГЫЗ ,ОРУС
- **СЫЙЛЫКТАРЫ:**

# Элдин өмүрү – анын тилинде.
# ( Ч. Айтматов).



# Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов:

- «Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет» - деп, абдан туура, таамай айткан.

# “ЧЫНГЫЗ Айтматов бүтүндөй ааламга “Кыргыз” деген имаратты куруп кетти”

- Кыргыз улутун, кыргыз элин бүтүндөй ааламга даңазалап “Ала-Тоонун боорунда кичинекей ушундай улут бар, уңгулуу, уюткусу бар касиеттүү эли бар, бул - кыргыз улуту” деп таанытты.

# Манас жана Чынгыз Айтматов кыргыздын эки канаты

## Ар бир кыргыз инсаны үчүн Манас дагы, Чыңгыз дагы улуу сабак боло алат тарыхта



